***DOI:10.26104/NNTIK.2023.97.72.038***

*Баитова Ф.Т., Идаева А.Б.*

# «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ «АЯЛ ЗАТЫНЫН» ИДЕАЛЫ

*Баитова Ф.Т., Идаева А.Б.*

# ИДЕАЛ «ЖЕНЩИН» В ЭПОСЕ «МАНАС»

*F. Baitova, A. Idaeva*

# IDEALS OF «WOMEN» IN THE EPIC «MANAS»

*УДК: 379.8*

*Көлөмү эле эмес, терең мазмуну менен океанга салыштырганда да теңдешсиз «Манас» эпосундагы педагогикалык идеяларды изилдөөдө бири-бирин улап, албан ишти улам арбыта уланткан мыкты илимпоздордун бир нече муунунун изилдөөлөрү да аздык кылат. Бүгүнкү күндө «Манас» эпосу тууралуу изилдөөлөрдөгү фунтаменталдуу ой тыянактардын учугун улаган изилдөөлөр арбын эле. Улуттук тарбиянын идеалы кыргыз коомунун руханий эс тутумуна, улуттук нарктарына эгедер жалпы адамзаттык маданияттын баалуулуктарына негизделиши заманбап зарылчылык катары каралууда. Сунушталып жаткан макалада «Манас» эпосунун асыл педагогикалык дөөлөттөрүнүн мазмунундагы «аял затынын» идеалын конкреттүү тексттик фактылар жана аларды салттык турмуш реалдуулугу менен салыштырып далилдөөгө аракет жасалды. Эпостун текстиндеги «аял затынын» идеалын талдоодо издеп таап жана анализдөө, контент-анализ, герменевтикалык чечмелөө методдору жана изилдөөнүн булагы катары «Манас» эпосунун Сагымбай Орозбаков, Саякбай Каралаев тарабынан айтылган варианттары колдонулду.*

***Негизги сөздөр:*** *«Манас» эпосу, идеал инсан, улуттук тарбия, образ, акылмандык, эне, мекен сүйүүсү, кайраттуулук.*

*Исследования нескольких поколений лучших ученых, изучавших педагогические идеи эпоса «Манас», несравнимого не только по объему, но и по глубине содержания по сравнению с океаном, все еще остаются недостаточно изученными. На сегодняшний день существует множество исследований, опирающихся на фундаментальных выводах в исследованиях эпоса «Манас». В современном обществе крайне необходимо, чтобы идеалы национального воспитания основывались на духовной памяти кыргызского общества, ценностях общечеловеческой культуры, а также на национальных ценностях. В предлагаемой статье предпринята попытка обосновать идеал «женщины» в содержании благородных педагогических ценностей эпоса «Манас» путем сопоставления их с конкретными текстовыми фактами и реалиями традиционной жизни. При анализе идеала «женщины» в эпосе «Манас» в качестве источника исследования использовались методы поиска и анализа, структурного семиотического контент-анализа, герменевтического толкования. В качестве источника исследования использованы два варианта эпоса «Манас», варианты Сагымбая Орозбакова и Саякбая Каралаева.*

***Ключевые слова***: *эпос «Манас», идеальный человек, народное воспитание, образ, мудрость, любовь к матери и родине, мужество.*

*Pedagogical ideas of the epic “Manas”, which can be compared to the ocean with regard to not only its size, but also its deep content, have been studied by several generations of the most outstanding scientists, and those studies can be still evaluated as insufficient. Today, there are countless studies with fundamental conclusions in the studies of the epic “Manas”. In a modern society it is of critical necessity that the ideals of national education should be based on the spiritual memory of the Kyrgyz society, the values of universal human culture, which are equal to national values. In this article, the ideal of “Women” in the content of the noble pedagogical views of the epic "Manas" was analyzed by comparing them with certain facts from the text, which were advanced with arguments of real traditional life of Kyrgyz people. For the analysis of the ideal of the “Women” in the epic “Manas” methods like scanning, content analysis, hermeneutic interpretation were used. The two variants of the epic “Manas” by Sagymbay Orozbakov and Sayakbay Karalaev were used as a source of research.*

***Key words:*** *the epic “Manas”, ideal person, national education, characters, wisdom, devotion to one’s mother and nation, courage.*

«Манас» мааниси, эл турмушунан алган орду жактан кыргыздардын улуттук сыймыгы, ата-бабабыз тарыхта аты белгилүү болгон үч миң жылдан ашык убактан бери басып өткөн узак жолундагы руханий табылгаларынын, билгендери менен тажрыйбасында топтолгондордун алгылыктууларын, башынан кечирген өйдө-ылдыйлуу окуялар жөнүндөгү маалыматтардын орчундууларын дээрлик бүт чогулткан баасы кунсуз казынанын милдетин аткарып, элибиздин ыйык тутуп, укумдан тукумга бөксөртпөй сактап, улам толуктап байытып келе жаткан улуу мурасы.

Угуучуларга-окурмандарга, айрыкча жаштарга таалим-тарбия берүүдө эл иши үчүн башын тиккен патриот, баатыр, айкөл Манас, акылман Бакай, жөн билги, сарамжалдуу Каныкей, ишенимдүү Алмамбет ж.б. оң тип-образдардын, ач көз караң Жакып, баскынчы Коңурбай, ала көөдөн, соргок Жолой терс каармандардын, оң менен терстин, жакшы менен жамандын үлгүсү катарындагы мааниси, ойногон ролу, тийгизген таасири чоң.

«Бардык элдердин оозеки чыгармачылыгындагы каармандар адам баласынын табиятынын байлыгын мүнөздөгөн түрдүү сапаттарга эгедер болушат. Жада калса эгерде, тигил же бул оң каарман жөнүндө бир же эки сөз айтылса, бул майнаптуу сөздөрдө жеке адамга берилген мүнөздөмөлөрдүн жалпылай жыйындысы чагылдырылат» - дейт этнопедагогика илиминин негиздөөчүсү Г.Н. Волков [5, 32-б.]. Окумуштуунун көз карашына таянсак, «адамга берилген салттуу мүнөздөмөлөр алардын негизги сапаттарын баса белгилеп, адамдын татаал табиятын жалгыз гана аталган сапаттар менен чектебейт». Башкача айтканда, адамды сыпаттап көрсөткөн сөз, (алсак, Г.Н. Волковдун келтирген мисалдарынан «умница и красавица»,

«краснадевица», «добрый молодец», «маленький да удаленький»), жөн гана ал адамга берилген сыпаттоо эмес, ошондой эле анын жалпы адамдык турпатын, адаттарын, башкалардан айырмалап турган өзгөчөлүктөрүн да камтыйт. Ушул сыяктуу, кыргыз элинде да, «калк карысы», «эр жигит» же «аял заты» деген сөз айкашынан турган түшүнүктөр элдин аң сезиминде ошол адамдардын мүнөздөмөлөрүнүн жалпылай жыйындысынын үлгүсүн жаратат. Г.Н. Волковдун айтымында орус элинде «аял затынын башкы сапаты акыл болуп эсептелет, ал эми акыл-эс кезегинде, ошондой эле көптөгөн эмгек шыгын жана жөндөмдөрдү камтыйт... «умница и красавица» деген жогорку поэтикалык мүнөздөмө – кыздын жеке сапаттарына берилген жогорку баа жана элдик педагогиканын адамды калыптандыруу программасынын деңгээлине жеткирген тарбиянын конкреттүү максаты катары идеалдуу аял затынын образы» [5, 32-б.]. Ал эми кыргыз элинин идеал аял затынын башкы сапаттары, албетте, турмушка тыңдыгы, акыл-эси, эптүүлүгү, үй-бүлөсүнө көрсөткөн камкордугу, мекенге болгон терең сүйүүсү, ак ниети, чынчылдыгы, боорукердиги, токтоолугу, жөнөкөйлүүлүгү, энелик мээрими, мээнеткечтиги жана ушул сыяктуу көптөгөн өрнөктүү өзгөчөлүктөрдү камтыйт.

Ошондуктан, кыргыз элинде ар бир кыз бала эртеңки эне, адамзаттын тукумун улантуучу, аларга таалим-тарбия берүүчү насаатчы катары каралгандыктан, «кызды тарбиялоо – бул бүткүл адамзатты тарбиялоо» деп түшүндүрүлгөн. Ушуга байланыштуу элдик педагогикада гана эмес, жалпы кыргыз элинин аң-сезиминде – кыздын адеби эң жогорку орунда турат. Муну Ж.М. Найманбаев төмөндөгүчө түшүндүрөт: «Адептүү кыз – адептүү аял, адептүү ата-эне – адептүү үй-бүлө, ал эми адептүү балдар – адептүү адамдар жана адептүү коом...». Буга кошумча изилдөөчү: «Өспүрүмдөрдү үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо, айрыкча, кыздарды жогорку адептик денгээлде тарбиялоо башкы орунда турат. Ал өзүнүн жүрүм-туруму менен бир гана курбалдаштарына эмес, келечектеги күйөөсүнө, балдарына да таасирин тийгизет» - дейт [10, 87-б.]. Ал эми А.Алимбеков кыргыз кыздарынын келечектин идеалдуу аял заты катары тарбиялануусу тууралуу: «...кыргыз эли кичине кезинен эле кыз балдардын кулк-мүнөзүнө кылдат байкоо жүргүзүп, алардын адебине, жүрүм-турум маданиятына катуу талап коюшкан. Кыргыздардын «Кыздуу үйдө кыл жатпайт», «Кызга кырк үйдөн тыюу», «Улдуу болсон узун сүйлөбө, кыздуу болсон кыя сүйлөбө» деген макалдары да белгилүү өлчөмдө кыздардын инсанына коюлган талап, аларды тарбиялоонун көп кырдуу өгөчөлүгүн мүнөздөп турат» - деп белгилейт [1, 63-64-бб.]. Ырасында, идеал аял заты, өзгөчө адептик жактан өрнөктүү аялдын сапаттары «даяр түрдө» эмес, атайын таалим, даярдык, үйрөнүү жолу менен калыптанат. Аял затынын идеалынын негизги сапаты катары түрк ойчулу Жусуп Баласагын «аялдын жүзүнүн эмес, ички дүйнөсүнүн жана көңүлүнүн сулуулугун» белгилейт:

«Жүзү эмес, көңүлү сулуу болсун,
Сени дагы тазартат пейли кенен!
Жүзү эмес, көңүлү болсун сулуу,
Ак болсо аял пейли – артык сыны!
Сулууну эңсегендер шашылбагын,
Кызыл жүзү саргаят акыр анын!» [3, 339-б.].

Аялдын ички дүйнөсүнүн сулуулугун жана тазалыгын ойчул анын абийири, актыгы, тазалыгы жана айыпсыздыгы менен байланыштырат. Ушул пикир «Манас» эпосундагы аялдардын мыктылыгын аныктаган салмактуу идеялардын бири болуп эсептелет, башкача айтканда, аялдардын арyулугу жогору бааланат. Эпостогу каармандардын биринин аты – Арууке. «Манас» эпосундагы аялдардын образын изилдеген Н.Х.Бекмухамедова Р.Сарыпбековдун «Арууке» ысымынын этимологиялык талдоосун берет: «Байыркы түрк тилинде «ару» деген сөз «таза», «тунук», «марттык» деген мааниде колдонулган. Кийинчерээк. орто кылымдарда, «улуу», «ыйык» деген мааниде кенири колдонушкан. Түрк тилдүү элдердин бири – чуваштар, бул сөздү ак жана кайрымдуу колдоочу периге ыйгарышкан. Ошону менен бирге, байыркы замандарда түрк тилдеринде «ару» «ажайып», «сыйкырдуу» деген сөздөргө синонимдеш келген. Белгилүү болгондой, Аруукенин ысымынын биринчи бөлүгү «тазалык», «сыйкыр», «берешендикти», ал эми экинчи бөлүгү – «кей» кадимки аял ысымдарына жалганган мүчөнү билдирет» [4, 20-б.]. Демек, аял затын эл ичинде мына ушундан улам «асыл зат» деп аталаарын айтсак туура болот.

«Манас» үчилтигинде аял заты – дүйнөдөгү эң бир ыйык, эң бир кол тийгис, эң бир кереметтүү, эң назик, эң татаал, өзүнчө бир ажайып кубулуш, улуу дүйнө. Улуу эпосто аял заты – үй-бүлөнүн куту, ырыс-кешиги, эр бүлөнүн жакшылык менен жамандыкты, ак менен караны, кубаныч менен азап-тозокту, жыргал менен кууралды тең бөлүшкөн жан күйөр адамы, эң жакын көргөн сүйгүнчүгү, өмүр шериги, жан жолдошу, акыреттик жары» [6, 122-б.]. Аял затына тиешелүү элдик акылмандык ойлорду камтыган «Аялы жоктун алтыны жок», «Үйдүн көркү аялда», «Жакшы аял жаман эрди эр кылат» сыяктуу макалдарда аялдын үй-бүлөдөгү орду жана баркы жогору экенине басым жасалат. Ал эми эненин балага болгон сүйүүсү, кээ бир деңгээлде атанын сезимдеринен да күчтүү деп айтылат: «Ата деген сөз айылга таандык, апа деген сөз ааламга таандык», «Аталуу жетим – арсыз жетим, энелүү жетим – эрке жетим», ошондой эле кыргыз элинин «Эне – мазар, эненин тилин албаган – азар», абхаз элинин «Өз энеңди жакшы көрсөң, башка кишинин да энесине катуу сүйлөбө», адыгдардын

«Дарыяда агып бараткан кары киши да «Апа!» деп агып келет», даргин элинин «Энекеңе өз алаканыңда жумуртка кууруп берсең да карызың төлөнбөйт» деген макалдарында белгиленгендей, энеге жасалган аяр мамиле ар бир адамдан талап кылынат. Элдик педагогикада «эне» коомдогу эң кымбат баалуулук катары каралат. Эпосто жер жаңырта кыйкырып, жарыкка качан перзент келет экен деп күтүп отурган элдин оозуна Каныкейдин «эл энеси» деп алына башташы анын атынын ыйыктыгынан, эне катары сүтүнүн өзгөчө касиетинин барынан кабар берет. Анткени эл баатыры Семетейге татыктуу тарбия берип, аны туура жолго коюу милдети жана сыймыгы Каныкейге берилди. Бирок элдин тиреги, жол башчысы Манастын көзү өткөн соң жесир калган Каныкей кан жуткузган күйүткө батып, далай кыйынчылыктарды башынан өткөрөт. Ошого карабастан, ал бүткүл кайгыны жеңип, душмандар сөөгүн кордобосун деп Манасты жашыруун түрдө көмөт. Баатырга күмбөз тургузат, элдин жана анын баатырларынын ынтымагын сактоого аракеттенет. Уулуна болгон энелик мээрими, сүйүүсү, сыймыгынан күч алып, келечектеги кыргыздын ханы Семетейге эне да, ата да болуп, аны тарбиялап өстүрөт. Уулу он экиге чыкканда Манасты мекенине алып баруу максатын коёт. Бул жерде «эл энеси» Каныкейдин эрктүүлүгү менен бирге элге кызмат кылууга умтулуу жана уулунун жарык келечеги үчүн күрөшүүдөгү өзгөчө күчкө ээ болгон акылы, зээни жана эстүүлүгү байкалат. Эпостогу дагы бир акылман-насаатчы эненин тагдыры Алмамбеттин энеси Алтынайдын образы аркылуу чагылдырылат. Калкына оор күндөрдү көрсөткөн Эсенканга каршы чыккан Алмамбет кытай элинин кан жана бектеринин кыжырына тийип алганда анын атасы Азиз кан уулун колдобой коёт. Ошондо Алтынай каңгай, манжуулардын арасында жашоо кооптуу болуп калганын байкап, уулунун өз жеринен кетүүсүн айтат:

«Улуктун калдың каарына,
Убара салар жанына.
Жалгыз туума жолборсум,
Каңгай, манжуу бул күндө
Жайлуу жер сага болбосун,
Жайыңдын билдим оңбосун.
Тегерегиң темирден
Торго калдың кулунум,
Тереңдиги кырк кулач
Орго калдын кулунум.
Же сабырлык да кылбадың,
Жан күйөр жолдош жыйбадың.
Жайдарым жалгыз Алмамбет,
Энекеңди кыйнадың,
Кагылайын каралдым.
Кыясы кымбат бел тапкын,
Кыйындык түшсө башыңа.
Кыйрашып берчү эл тапкын [7, 202-б.].

Бул жерден эненин уулу менен коштошуп жатып ага жан күйөр жолдош жана кыйындык башка түшкөндө жардам берип колдоочу эл табуусун айтып, баласына берген акыл-насааты жана ага тилеген амандыгы гана эмес, ошондой эле эне мээрими Алтынайдын «кулунум», «Жалгыз туума жолборсум», «Жайдарым жалгыз Алмамбет», «Кагылайын каралдым», «асылым жалгыз Алмам» деген сөздөрүнөн ачык айкын көрүнүп турат. Тилекке каршы кыраан энесинин берген кеңешин Алмамбет ишке ашырууга жетишпей калат. Алмамбет жолго чыгаарда Алоокенин алптары Коңурбай менен калмактын каны Жолой Алмамбетти кармоо үчүн келип калышат да катуу салгылаш башталат, ошондо энеси Алтынай уулунун амандыгын сактап калуу үчүн Коңурбайдын соккусуна өзүн тосо коёт:

«Ошондо ак байбиче энеси
Тору бээни миниптир,
Түрмөктөлгөн кара чач
Төбөсүнө түйүптүр.
Ажал жетсе өлөм деп,
Асылым жалгыз Алмама
Караан болуп берем деп,
Өлбөй тирүү турганда,
Кай муратка жетем деп,
Асылым, берен жалгызга,
Медер болсом экен деп,
Белсенип жоого киргени.
Кыбалап курчтан соктурган,
Кызыл түпөк сыр найза,
Энекең колго алганы.
Алмамбетке жеткирбей,
Алоокенин калчасын,
Бөйрөктөн тосуп калганы» [7, 204-б.]. Демек, эне эч качан баласын кырсыкта жалгыз таштабайт, жада калса, жанын берүүдөн да тайманбайт. Советбек Байгазиев «Улуу «Манас» урпактарыбыздын дил жана тил бешиги» деген эмгегинде эгерде адам баласынын туу туткан тумары, ыйык санаган табериги, карманган адеп-ахлак ориентири жок болсо, адам социалдык макулукка айланып, жер менен жер болуп жок боло орун белгилөө менен учурдагы наристелерин таштап кеткен энелер сыяктуу көптөгөн үрөй учүтөөрлүк болсо да бүгүнкү күндө демейки окуяларга айланган көрүнүштөргө токтолот [2, 48-б.]. Муну менен айтайын деген оюбуздун өзөгү чыныгы «энелик» сезимин ыйык тутуу да аял затынын ыйманынын денгээлин көрсөтөт дегендикте жатат.

«Манас» эпосундагы дагы бир өрнөктүү эне – Чыйырды. «Сагымбай Орозбаковдун вариантында кытай-калмактар кыргыздарды чаап, туш-тушка таратканда Чыйыр деген өлгөн агасынын аялы Шаканды Жакып алат. Чыйырдын аялы делип жүрүп байбичесинин Шакан аты калып, Чыйырды аталып кеткен» [9, 540-б.]. Ал эми «чыйыр» кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө «из түшкөн жол, жол болуп түшүп

калган из, ичке жол» дегенди билдирет. Бул жерде Чыйырдынын жашоосу жана мүнөзүнүн өзүн да өрнөк катары кабылдоо туура болот. Себеби ал өзүнүн акылмандыгы, турмуш тажрыйбасынын кунарлуулугу, көрөгөчтүгү менен башкалардан өзгөчөлөнүп турат. Алсак, Манас он эки жашында Ошпурдун колунда тарбияланып жүргөндө Канжар кол аттуу алпты жеңип, достору менен козу союп шишке сайып бышырып жегенин уккан Жакып малынын чачылганына жиндене баштаганда Чыйырды мындай дейт:

«Албагын жаман бейлине,
Аман жүрсө жеткирер,
Сенин алыста кыргыз элиңе.
Аман болсо Манасың,
Күйүттүү кабак ачылат,
Күйүккөн кабак басылат.
Аман болсо Манасың,
Атамдан калган мурас деп,
Кең-Кол, Талас жер табат,
Айланып кыргыз эл табат» [7, 38-б.]. Чыйырдынын да «Боз ала шумкар Манасым», «Кара ала барчын Манасым», «Айкөл жалгыз чунагым» деген сөздөрүнөн энелик мээрими байкалып, ошону менен бирге опосу жок куу малга кайгыруунун акылсыздык экенин белгилеп, андан көрө уулунун амандыгын тилеп, ага кайрат берүүнүн оң болоорун акылмандык менен Жакыпка үйрөтөт. Антпесе кара калмак каптаган Каңгайдан, маңдайындагы манжуудан кыйрашуучу далай жоонун коркунучунун бар экенин Чыйырды жакшы түшүнөт. Козумдун баарын союп, мүлкүмдүн баарын чачып салды деп, Жакып Манаска жинденген учурлардын дагы биринде бөтөн жерди мекендеп, бөтөн элди журтум деп жүрө бере турган болсо, кыргыз урпагынын бара-бара жок болоорун баамдаган Чыйырды акылмандык жана кыраакылык менен Жакыпка акыл айтат:

«Сан дүйнө малды чачыңыз,
Арка кылып Манасты,
Бул Алтайдан качыңыз.
Бул Алтайдан качпасаң,
Көрүп алат мал оттогон талааңды,
Кармап кетет өлгөндө көргөн балаңды,
Кармаса соёт Акбалтай баштап бириңди,
Манжуу кагат капкайда кеткен жиниңди» [8, 98-б.]. Чыйырдынын тереӊ акылы менен, тарбиячы эне, мекенинин патриоту катары өзгөчөлөнүп тураары жөнүндө Б.М. Юнусалиев ой толгоосун төмөндөгүчө билгизет: «Өзүнүн өмүрүн бүт бойдон элдин тагдырына багыштаган баатыр баланы, неберени тарбиялоого жумшаган патриот эненин образы эл самаган баатырды тапкан кең пейил, токтоо, бир калып мүнөздүү Чыйырды аркылуу көрсөтүлөт... өз элине чыккынчылык кылган чалы Жакыпты таштап, чыккынчыларга наалат айтып, келечектеги элдик баатырды аман алып калуу үчүн, Каныкейге кошулуп, алыскы Букарга жөө сапар чегет. Чыйырды – элин, жерин сүйгөн балдарды тарбиялоонун бардык кыйынчылыгына чыдаган, дайыма адилеттик тарабында болгон патриот эненин элеси» [7, 33-б.]. Ошентип, идеалдуу аял затынын сапаттары эң алгач «эне» түшүнүгүнүн алкагында каралып, анын акылмандык сапаттары, эне мээрими жана балага берген тарбиясы жана насааты энелик адептин негизги элементтери экени белгиленди.

**Адабияттар:**


1. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы [Текст]: окуу куралы / А. Алимбеков. - Бишкек: КББИ, 1996. - 80 б.
2. Байгазиев С. Улуу «Манас» урпактарыбыздын дил жана тил бешиги [Текст] / С. Байгазиев. - Бишкек, 1994. - 95 б.
3. Баласагын Ж. Куттуу билим. Дастан [Текст ] / Ж.Баласагын. Байыркы тилинен которгон Т. Козубеков. - Бишкек, 2011. - 488 б.
4. Бекмухамедова Н.Х. Эволюция женских образов эпоса «Манас» [Текст ] / Н.Х. Бекмухамедова. - Б.: «Эркин-Тоо», 1997. - 110 б.
5. Волков Г.Н. Этнопедагогика: Учебник для студентов средних и высших педагогических учебных заведений [Текст] / Г.Н. Волков. - М.: «Академия», 1999. - С.168.
6. Жумалиев К. «Манас» эпосундагы жалпы адамзаттык идеялар [Текст] / К. Жумалиев. - Б., 1999. - 264 б.
7. «Манас»: кыскартылып бириктирилген вариант. - Фрунзе, 1958. - 1-бөлүк, 1-китеп. - 343 б.
8. «Манас»: С.Каралаевдин варианты б-ча / Түз.: А.Жайнакова, А.Акматалиев – Б.: «Турар», 2010. – 1008 б.
9. Манас эпосунун энциклопедиясы / Башкы ред. А. Карыпкулов. - Бишкек, 1995. Т.2. - 656 б.
10. Найманбаев М.Ж. Мектеп окуучуларына акыл жана адепахлактык тарбия берүүнүн этнопедагогикалык негиздери (V-VII класстар) [Текст]: / М.Ж. Найманбаев. канд. Диссертация. – Б.: 2009. – 160 б.
11. Баитова Ф.Т. Результаты опытно-экспериментальной работы по этнопедагогической подготовке будущих учителей посредством эпоса «Манас». / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2014. №. 6. С. 108-112.